**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

# Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXI-сессиясынын №5 -ТОКТОМУ

19.07.2023-жыл Базар-Коргон шаары

## Таза сууга болгон тарифтердин наркын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 27-беренесинин 1-пунктун, 34-беренесинин 2-пунктун аткарууга алып, шаардык кеңештин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусунун жана Базар-Коргон шаар мэриянын алдындагы “Базар-Коргон сууканал” муниципалдык ишканасынын жетекчиси К.Араловдун кайрылуусунун негизинде, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXI-сессиясы **токтом кылат**:

1. Кыргыз Республикасынын экономика жана коммерция министрлигине караштуу монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын Жалал-Абад облустук бөлүмүнүн 14.06.2023-жылкы №42-буйругун эске алуу менен таза сууга болгон тарифтердин наркы №1-тиркемеге ылайык бекитилсин. Тиркелет: №1-тиркеме.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновко жана Базар-Коргон шаар мэриянын алдындагы “Базар-Коргон сууканал” муниципалдык ишканасынын жетекчиси К.Араловко жүктөлсүн.
3. Аталгантоктом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Аталган токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Жалал-Абад областтык Адилет башкармалыгына каттоого берүү, шаардык кеңештин жооптуу катчысына жүктөлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш артуу боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Нуркамиловго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

№1-тиркеме

**“БЕКИТИЛДИ”**

Базар-Коргон шаардык
кеңешинин I – чакырылышынын
кезектеги XXI - сессиясынын
№ **5** - токтому менен
19.07.2023-жыл
**Базар-Коргон шаардык кеңешинин төрагасы**
**____________К.Анарбеков**

**“БЕКИТЕМИН”**

Базар-Коргон шаарынын мэри
**_____________Т.Осмонов**

“___”___________2023ж.

“БАЗАРКОРГОН СУУКАНАЛ” Муниципалдык ишканасынын суу менен камсыздоо жана саркындыларды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүнүн бааларынын (тарифтеринин)

## ПРЕЙСКУРАНТЫ

| № | Кызматтын түрү | Өлчөө бирдиги | Калкка | Бюджеттик ишканаларга | Ар түрдүү керектөөчүлөр | Эскертме |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Ичүүчү суу | Сом/м3 | 16,8 | 25,0 | 35,0 | Ндс,нсп кошулбаган |
| 2 | Саркынды суудан тазалоо(канализация) | Сом/м3 | 6 | 9 | 11 | Ндс,нсп кошулбаган |
| 3 | Таза суу системасына инженердик тармактарга кошуу кызматы | Бир саат | 406,18 | 1250,0 | 1250,0 | Ндс,нсп кошулбаган |
| 4 | Саркынды суулар (канализация) системасына инженердик тармактарга кошуу кызматы | Бир саат | 424,18 | 1500,0 | 3500,0 | Ндс,нсп кошулбаган |
| 5 | Таза суу жана саркынды (канализация) системасына уланууга техникалык шарттарды даярдоо | Эки саат | 750 | 1500,0 | 3500,0 | Ндс,нсп кошулбаган |

**Негиз:** Кыргыз Республикасынын экономика жана коммерция министрлигине караштуу монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын Жалал-Абад облустук бөлүмүнүн №42-буйругу.

“БАЗАРКОРГОН СУУКАНАЛ” Муниципалдык
ишканасынын жетекчиси К. Аралов